**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.11.023 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 373. 1 (575.2) (043. 3)

**СУЛАЙМАНКУЛОВА ЖАМИЙЛА КАЛЫБАЕВНА**

# ЖОЖдо БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИН ОКУУЧУЛАРГА АДЕПТИК ТАРБИЯ БЕРҮҮГӨ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ДАЯРДЫГЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2012

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Асипова Нурбүбү Асаналиевна**

педагогика илимдеринин кандидаты **Адилова Гүлпери Идирисовна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин педагогика жана психология кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек ш., Тынчтык проспектиси, 27.

Диссертациялык иш 2012-жылдын 30-мартында саат 13-00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.13.11.023 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2012-жылдын 28-февралында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору,
доцент Чоров М.Ж.

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо этникалык маданияттын көп кырдуу өзгөчөлүктөрүн эске алууну шарттаган татаал кубулуш. Бул маселенин коомдо адеп-ахлактык кризистен улам түрдүү улут аралык локалдык коогаландар курчуп турган чакта актуалдуулугу өзгөчө арта бермекчи. Этностордун кылымдап топтоп келген жалпы адамзаттык мааниге ээ руханий-адептик дөөлөттөрүн сактап, соңку муундардын энчисине айландыруу мугалимдин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүнөн тикеден-тике көз каранды. Акыркы он жылдыкта мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо маселелерин изилдөөгө олуттуу көңүл бурула баштады. Аталган проблеманын методологиялык, теориялык негиздери А.Алимбеков, В.А.Николаев, М.Г.Харитоновдун эмгектеринде өнүктүрүлгөн.

Ал эми ЖОЖдордо студенттерди этнопедагогикалык ишмердүүлүккө даярдоонун конкреттүү аспектилери А.Г. Абсалямова, А. Алимбеков, Г.Н. Волков, Х.Ф.Анаркулов, М. Х. Арсалиев, Н.А. Асипова, А.Аттокуров, А.Г.Гмырин, Р.Н.Идрисова, А.Т.Калдыбаева, Р.А. Кутанова, Г.В.Лунина, Б.Б.Муратбаев, А.Ж. Муратов, А.Манонова, В.А.Николаев, Н.В.Силистрару, М.М.Тхуго, Г.У.Убайдуллаев, Т.Э.Уметов, А.С.Шаалы, З.Б.Цалагова сыяктуу окумуштуулардын илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Тилекке каршы, жогоруда аталган авторлордун эмгектеринде болочок башталгыч класс мугалимдерин окуучулардын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо маселеси атайылап каралган эмес. Талдоолор көрсөткөндөй болочок мугалимдерди мындай ишке даярдоого багытталган ЖОЖдордун окутуучуларынын кесиптик даярдыгы да айтаарлык деңгээлден алда канча алыс. Алардын айрымдарында кесиптик-педагогикалык билим берүүнүн мазмунун этномаданий баалуулуктардын негизинде өркүндөтүүгө жеткилең маани берилбейт. Алар элдик педагогикалык билимдерди өздөштүрүүнү мезгилдин «утурумдук урааны» катары кабылдашып, кесиптик билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүүдө көбүнчө «евроцентристтик» баалуулуктарга ыкташат.

Болочок мугалимдерди даярдоо процессин этнопедагогикалык жактан өркүндөтүү зарылдыгы жана аны камсыз кылуу үчүн илимий билимдердин жетишпестигинин ортосунда карама-каршылык пайда болду. Аталган карама-каршылыктардан болочок башталгыч класс мугалимдерин окуучуларды адептик жактан тарбиялоого этнопедагогикалык даярдыгын камсыз кылуунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу проблемасы келип чыгат: белгиленген проблема «ЖОЖдо башталгыч класс мугалимдерин окуучуларга адептик тарбия берүүгө этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада илимий изилдөө жүргүзүүгө түрткү болду.

**Диссертациянын темасы** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок башталгыч класс мугалимдерин окуучулардын адептик маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоонун педагогикалык шарттарын теориялык жактан негиздөө жана аны практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер коюлду:**

– болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоонун мазмунун, структурасын жана критерийлерин аныктоо;

– болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоонун педагогикалык шарттарын эксперименталдык жол менен негиздөө;

– болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча илимий-педагогикалык сунуштарды иштеп чыгуу;

– илимий изилдөөгө байланыштуу теориялык моделди түзүү.

**Изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери:** жалпы орток жана бөтөнчө кубулуштардын өз ара биримдиги, «элдиктүүлүк» жөнүндөгү философиялык жоболор; тарыхый-маданий тааным методдору; инсан таламдуу таалим-тарбия парадигмасынын негизги принциптери; тарбиялоодогу элдүүлүк принциби, элдик тарбия тууралуу педагогика илим классиктеринин негизги идеялары; азыркы таалим-тарбия процессин этнопедагогика айдыңынан аңдоо концепциялары; мугалимдерди даярдоо концепциялары; адептикке тарбиялоо теориясынын негизги жоболору; кыргыз эл педагогикасынын тажрыйбаларын мектептердин, ЖОЖдордун окуу тарбия процессинде колдонуу боюнча изилдөөлөрдүн натыйжалары.

**Изилдөө ишинде төмөндөгү методдор колдонулду:**

– изилденип жаткан проблемага теориялык талдоо жүргүзүү жана жалпылоо;

– изилдөөнүн проблемасын чечүү үчүн практикалык ыкмаларды пайдаланып жүргөн мугалимдердин иш тажрыйбаларын иликтөө жана системалаштыруу;

– анкета жүргүзүү, тестирлөө, текшерүү иштерди алуу, башталгыч класстын окуучуларынын окуу жана таанып билүү ишмердүүлүгүн талдоо;

– педагогикалык эксперимент жүргүзүү;

– алынган жыйынтыктарды иштеп чыгуу үчүн математикалык методдор.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

– кыргыз элинин адептик салттары азыркы таалим-тарбиянын идеялык мазмундук параметрлерин байытуучу потенциалы айкындалды;

– болочок мугалимдердин башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууда этнопедагогикалык жактан даярдоонун мазмуну, структурасы жана критерийлери аныкталды;

– болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоонун педагогикалык шарттары айкындалды жана эксперимент жүзүндө текшерилди.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу**. Аткарылган изилдөөнүн практикалык мааниси жогорку педагогикалык окуу жайлардын студенттерин башталгыч класс окуучуларын адепке тарбиялоого этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгууда турат. Практикада сыноодон өткөрүлгөн корутундулар, кеңештер, нускамалар, түрдүү багыттагы педагогикалык кадрларды даярдоонун мазмунун, технологиясын этномаданий жактан өнүктүрүүгө салым кошот. Ошону менен бирдикте мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү институттарында этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмундук чектерин кеңейтүүгө да өбөлгө болот.

**Диссертацияда коргоого коюлган негизги жоболор:**

– ЖОЖдо болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоонун мазмуну, структурасы жана критерийлери;

– ЖОЖдо болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо үчүн зарыл жана жетиштүү педагогикалык шарттардын тутуму;

– ЖОЖдо болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо нун модели;

– болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча окуу-методикалык материалдардын, илимий-методикалык сунуштардын комплекси.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

– кыргыз элинин адептик салттары жана азыркы таалим-тарбиянын идеялык мазмундук параметрлерин байытуучу потенциалы айкындалды;

– ЖОЖдо болочок мугалимдердин башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууда этнопедагогикалык жактан даярдоонун мазмуну, структурасы жана критерийлери аныкталды;

– ЖОЖдо болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдо-

онун педагогикалык шарттары айкындалды жана эксперимент жүзүндө текшерилди;

– болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча окуу-методикалык колдонмо жана илимий-методикалык сунуштардын комплекси түзүлдү.

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо).** Изилдөө 2005-2010-жж. үч этапта жүргүзүлдү. Изилдөөнүн базасы катарында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Талас мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүү педагогикасы факультетинин студенттери жана угуучулары тандалып алынды.

Изилдөөнүн негизги концепциялары, натыйжалары И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Талас мамлекеттик университетинин педагогика, психология кафедраларынын отурумдарында, эл аралык, республикалык илимий-методикалык конференцияларда маалымдалып, талкууланып турду; диссертанттын жарык көргөн макалалары аркылуу педагогикалык коомчулукка маалымдалды жана угуучуларга окулган лекцияларда чагылдырылды.

Жогорудагы иш-чаралар аркылуу илимий методикалык жобо-концепциялар, корутундулар туура жана теориялык жактан ынанымдуу, методологиялык жактан негиздүү экендиги тастыкталды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** Илимий иштин негизги материалдары жана анын өзөктүү жоболору 2008-2011-жж. Республикалык жана ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференцияларда, орто мектептердин мугалимдеринин усулдук кеңешмелеринде, изденүүчү окуган лекцияларда кеңири талкууланды жана диссертант тарабынан илимий журналдарга жарыялаган макалалар аркылуу жайылтылды. Диссертациянын негизги мазмуну 10 илимий макалаларда чагылдырылган, ошондой эле изденүүчүнүн 23 жылдык илимий-педагогикалык тажрыйбасы жалпылаштырылган.

Болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо багытында иштелип чыккан жана сыноодон өткөн педагогикалык шарт-ыңгайлардын жана алынган натыйжалардын ишеничтүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү, алдыга коюлган милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу камсыздалган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү**: диссертациялык иш киришүүдөн, негизги үч главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, беш таблицадан жана тиркемелерден турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациянын биринчи главасы «Болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык даярдыгын камсыз кылуунун теориялык негиздери»** деп аталып, анда белгиленген биринчи милдетке ылайыктуу башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандыруу боюнча мугалимдин этнопедагогикалык даярдыгынын мазмуну, структурасы, критерийлери талданып, проблеманын практикадагы абалы айкындалат.

Бүгүн Кыргызстан таалим-тарбия чөйрөсүндө, бир жактан ааламдашуу процессинин алгылыктуу жактарын өздөштүрүүгө, экинчи жактан жаш муундарды тарбиялоонун мазмунун, улуттук руханий маданиятын, адептик асыл нарктарын сактап өркүндөтүүгө умтулууда. Бул инсандык өнүгүштүн башаты болгон башталгыч класс үчүн өзгөчө маанилүү.

Изилдөөнүн логикасы боюнча диссертациянын өзөк идеясы болгон кыргыз этнопедагогикасы жана анын руханий-адептик таалим-тарбия чөйрөсүндөгү азыркы таалим-тарбиянын идеялык мазмундук параметрлерин байытуучу потенциалын айкындоого аракет кылдык.

Мында биз академик-этнопедагог Г.Н.Волковдун методологиялык көрсөтмөлөрүнө негизденип, кыргыз элинин руханий жана материалдык маданиятына байланыштуу көп кырдуу булактарды системалуу талдоо аркылуу адамдар чөйрөсүндө жашоонун инсан аралык ызаат, сый эрежелери, ата мекен, эне тилди сүйүү, ата-энеге, улууларга урмат сый мамиле жасоо, өз мээнети менен жашоо ыкласы, нарктуу этикет жана боордоштук, табият байлыктарына боорукер жана сарамжалдык, билимге, өнөргө умтулуу сыяктуу элементардык нормаларын айкындоого аракет кылдык. Натыйжада кыргыз этнопедагогикасынын бул сыяктуу дөөлөттөрү бүгүнкү башталгыч класс окуучуларынын адептик маданиятын өнүктүрүүгө негиз боло алат деген тыянакка келдик.

**Диссертациянын экинчи главасы «Болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык даярдыгын камсыз кылуунун педагогикалык шарттары»** деп аталып, анда изилдөөбүздүн экинчи милдетинин чегинде болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоонун мазмуну, структурасы жана критерийлери аныкталды. Мугалимдин бул ишке даярдыгын аныктоо салттык, нормативдик талаптардан тышкары бир катар сапаттардан тураары белгилүү. Ошондуктан бул маселени чечип жатып натыйжа обьективдүү жана ишенимдүү болсун үчүн педагогика илиминдеги белгилүү методдордун мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга аракет кылдык. Андай методдордун катарына төмөнкүлөрдү кошууга болот:

– башталгыч класс мугалиминин профессиограммасын анализдөө;
– жогорку педагогикалык билим берүү боюнча стандарттарды тал-

доо;

– мугалимди этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча айрым изилдөөлөрдүн натыйжаларын системалаштыруу;

– мугалимдердин эмпирикалык көз караштарын, түшүнүктөрүн үйрөнүү;

– компетенттүү адистердин, эксперттердин пикирин топтоо;

Топтолгон материалдарды мазмундук жана статистикалык талдоодон өткөрүү болочок мугалимдин башталгыч класс окуучуларын этнопедагогикалык каражаттар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоого даярдыгынын мазмунун жана структурасын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Болочок мугалимдин башталгыч класс окуучуларын этнопедагогикалык каражаттар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоого квалификациялуу адис-педагогдорду даярдоо системасынын ажырагыс звеносу, компоненти. Анын натыйжалуулугу болочок адистин инсанын өркүндөтүүгө багытталган иш-чаралардын этномаданий мазмунунун көп кырдуулугу, системалуулугунан көз каранды. Мугалимдин мындай даярдыгы бир тараптан инсандын адептик нарк-дөөлөттөрүн калыптандырууга багытталса, экинчи жактан чыныгы мугалимдин турмуш образынын мүнөздөмөсү болуп саналат. Анын мазмунун аксиологиялык, процессуалдык-технологиялык, когнитивдик, башкаруу-жөнгө салуучулук компонеттери аркылуу мүнөздөп көрсөттүк.

Биздин изилдөөбүздө болочок мугалимдин башталгыч класс окуучуларын этнопедагогикалык каражаттар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоого даярдыгынын критерийи катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

– Балдарды ата-бабаларынын адеп-нарктарынын мураскору кылып тарбиялоого карата чын-ыкластуу, туруктуу мамиле;

– окуучуларды этнопедагогикалык каражаттар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоого байланыштуу психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык билимдердин комплекси;

– этнопедагогикалык каражаттар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоодо эффективдүү пайдалануу багытындагы кесиптик билгичтиктер;

– болочок мугалимдердин кесиптик-этнопедагогикалык жактан өзүн-өзү өнүктүрүүсүн, долбоорлоо, көзөмөлдөө, жетектөө, коррекциялоо.

Ал эми азыркы ЖОЖдордо мугалимдерди аталган ишмердүүлүккө даярдоо багытындагы иши айкындалган критерийлерге канчалык деңгээлде дал келет деген суроонун тегерегинде жүргүзгөн иликтөөбүз төмөнкүлөрдү ачыкка чыгарды.

Болочок башталгыч класс мугалимдерин даярдоо боюнча мамлекеттик стандарттарда, окуу план, окуу программаларда, окуу китептерде аталган иштин максаты, мазмуну айкын жана жетишээрлик денгээлде түзүлгөн эмес.

Бул багыттагы практикалык тажрыйбалар айрым окуу предметтердин же аудиториядан тышкаркы иштердин мазмунунда стихиялык мүнөздө гана орун алып келет. Түзүлгөн абал айтаарлык деңгээлден алыс экендигин башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы факультетинин студенттери арасында жүргүзгөн иликтөөбүз да ырастады.

Экинчи глава боюнча түзүлгөн абал болочок башталгыч класс мугалимдерин окуучуларды адептик жактан тарбиялоого этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу зарылдыгын пайда кылды. Мындай шарттардын бири катары башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы адистигинин окуу программалык материалдарын изилденип жаткан проблеманын контекстинде өркүндөтүү, б.а этнопедагогикалаштыруу милдетин карадык.

Жогоруда көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык педагогикалык билим берүүнүн мазмунунун этнопедагогикалык компонентине анализ жасадык, ЖОЖдордун окуу планында этнопедагогикалык жүктү алып баруучу предметтер болуп гуманитардык блоктун бардык окуу дисциплиналары эсептелерин аныктадык.

Келечектеги мугалимдин этнопедагогикалык маданиятынын калыптанышында тилдик сабактар өзгөчө мааниге ээ болуп саналат.

"Тил өзүнүн маңызында кептик курулуш менен фрагменттик тыбыштар түрүндө гана берилбестен, жандуу жашоосунда сырткы көрүнүш болбостон, тактап айтканда, ой жүгүртүү аркылуу өзүнүн биримдигинде тил улуттун өзүн көрсөтөт", – деп жазат окумуштуу Борисов Р.В. [1]

Окуу планында орун алган сабактар өзүнүн илимий табиятына жараша мугалимди аталган ишмердүүлүккө даярдоо процессинде ар кандай функцияны аткарат. Айрымдары адеп тарбиясынын философиялык, укуктук, социалдык маңыз-маанисине байланыштуу методологиялык билимдерге ээ кылууга багытталат. Экинчи бир сабактарда адеп тарбиясын жүзөгө ашыруунун психологиялык-педагогикалык негиздери каралып, тикеден-тике кесиптик-педагогикалык мүнөзгө ээ. Үчүнчү топтогу сабактар, болочок мугалимдерди адеп тарбиясын жүзөгө ашырууга байланышкан илимий негиздеги этнопедагогикалык, этикалык, фольклордук багыттагы маалыматтарга таянат.

Төртүнчүлөрү, тикеден-тике адептик тарбиялоонун теориясы жана практикасына байланышкан методикалык сабактар. Диссертацияда аталган предметтердин потенциалын артыруунун методикалык негиздери кеңири чагылдырылган.

**Үчүнчү глава «Болочок мугалимдерди окуучулардын адеп маданиятын этнопедагогикалык жактан калыптандыруунун натыйжалуулугун**

---

[1] Борисов, Р.В. Язык в структуре этнической идентичности школьников и студентов. – Кострома, 2006. – №4. – С. 73.

**экспериментaлдык изилдөө»** деп aтaлып, темaгa бaйлaныштуу экспериментaлдык иш-aрaкеттердин тутуму, түзүлгөн педaгогикaлык моделдин шaрттaры жaнa экспериментaлдык иштердин нaтыйжaлaры тaлдоого aлынды.

Изилдөө процессинде болочок мугaлимдерди бaштaлгыч клaсс окуучулaрынын aдеп мaдaниятын кaлыптaндырууга этнопедaгогикaлык жaктaн дaярдоонун эффективдүү технологиялaры кaтaры төмөнкүлөр aныктaлды:

– фольклордук чыгaрмaлaрды этнопедaгогикaлык өңүттөн тaлдоо;

– окуу-тaрбия процессинин мaзмунун aдептик-этикaлык, этнопедaгогикaлык aспектте тaлдоо;

– окуучулaрды этнопедaгогикaлык кaрaжaттaр aркылуу aдептүүлүккө тaрбиялоо боюнчa aр түрдүү көлөмдөгү педaгогикaлык тaпшырмaлaрды дaярдоо, aткaруу;

– окуу-тaрбия темaсындaгы долбоорлорду, этикaлык aңгемелерди дaярдоо жaнa өткөрүү;

– окуучулaр жaшaгaн чөйрөнүн aдептик-мaдaний потенциaлын үйрөнүү ж.б.

Мугaлимдин aдеп тaрбиясы боюнчa кесиптик педaгогикaлык дaярдыгын aныктоодо илимий ой-тыянaктaргa тaянуу менен бирдикте мугaлимдер жaнa студенттер aрaсындa aнкетa жүргүзүү мугaлимдердин тaрбиялык иш плaндaрын, тaрбиялык иш-чaрaлaрдын конспектерин үйрөнүү, эксперттик сурaмжылоо сыяктуу методдор менен топтолгон эмпирикaлык мaтериaлдaргa дa негиздендик.

Топтолгон мaтериaлдaрды мaзмундук жaнa стaтистикaлык тaлдоо изилдөө ишибиздин милдетине ылaйык болочок бaштaлгыч клaсстын мугaлиминин кесиптик педaгогикaлык дaярдыгынын моделин түзүүгө мүмкүнчүлүк берди (1-сүрөт).

Диссертaциялык ишибиздеги теориялык ойлор реaлдуу чындык менен кaнчaлык дaл келгендигин иликтөө үчүн сaлттуу методдорду (бaйкоо, тaжрыйбaлaрды үйрөнүү, aдaбияттaрды окуу, ЖОЖдордун документтерин aнaлиздөө, студенттердин чыгaрмaчылык иштерин тaлдоо, aңгемелешүү) колдонуп, aтaйын мaксaттуу педaгогикaлык эксперимент жүргүздүк.

Экспериментке кaтышкaндaрдaн тест жaнa мaссaлык суроо-жооп aлынып предметтердин aйрым фрaгменттерин же бүткүл темaны моделдөө формaлaры ишке aшырылды.

Педaгогикaлык эксперимент жүргүзүүдө aлдыбызгa төмөнкүдөй милдеттерди койдук:


– болочок мугaлимдердин aдеп-aхлaктык түшүнүктөрүн кaлыптaндыруу aзыркы ЖОЖдордун прaктикaсындa кaндaйчa ишке aшырылып жaтaт?

– aдеп сaбaгындa жaнa бaштaлгыч клaсс окуучулaрын aдепке тaрбиялоодо aдеп-aхлaктык түшүнүктөрүн кaлыптaндырууда болочок мугaлимдерге тоскоолдук болгон кыйынчылыктaр кaйсылaр?

– тaжрыйбaлaрды ишке aшырууда окутуунун кaндaй методдорун, ыкмaлaрын, жолдорун тaндaп aлуу керек?

– сунушталган ыкмалар, усулдар канчалык деңгээлде ЖОЖдун жана мектептердин практикасында колдонууга ылайык келди.

Максаттуу түрдөгү педагогикалык эксперимент 2005-жылдан баштап жүргүзүлдү. Эксперименталдык өрнөк-тажрыйба топтоо үчүн база катары Талас мамлекеттик университети, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» адистиктери тандалып алынды



1-сүрөт. ЖОЖдо болочок башталгыч класстын мугалимдерин окуучуларга адептик тарбия берүүгө этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун модели

Изилдөөгө алган тема боюнча педагогикалык эксперимент үч этапта жүргүзүлдү. Изилдөө процессине 213 болочок мугалим, педагогика кафедраларынын 24 окутуучусу катышышты.

Биз жүргүзгөн эксперимент студенттерге окуган лекцияларда, семинардык сабактарда, педагогикалык практикада, сабактарды анализдөөдө, мугалимдик кесипке кайра даярдоо курстарында окулган лекцияларда, илимий докладдарда, макалаларда чагылдырылды.

Бул багытта атайын болочок мугалимдерге ылайыкталган окуу-методикалык колдонмо даярдалды.

Жогорудагы зарылдыктардан улам жогорку окуу жайларында этнопедагогика курсун окутууда төмөнкүдөй милдеттерди максат кылып койдук:

– студенттерде этнопедагогиканы жалпы эле педагогиканын бир тармагы катары кароо жана ошого ылайык мамиле кылуу түшүнүктөрүн калыптандыруу;

– элдик таалим-тарбиялык салттарды сыйлаган жана өнүктүрүүгө, колдонууга аракет кылган мугалимдерди жана тарбиячыларды жетилдирүү;

– дүйнөдөгү бардык этникалык топтордун жана эң биринчи кезекте бул предметте үйрөтүлүүчү кыргыз улутунун салттуу тарбиялык маданиятын жогору баалаган адистерди даярдоо;

– келечекте билим жана тарбия берүүчүлүк ишмердүүлүгүндө бул предметтен алган билимдерин, көндүмдөрүн пайдалана алуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөгү адисти чыгаруу;

– кайсы гана предметтен сабак бербесин өз предметин этнопедагогикалаштырууга аракет кылган мугалимди тарбиялоо ж.б.

Ушул окуу-методикалык колдонмосу менен билим алган болочок мугалимдер жогорку окуу жайын аяктаган соң мындай компетентүүлүктөргө ээ болушат:

– элдик педагогиканын булактарын так ажыратууга;

– элдик таалим-тарбиялоо салттарынан бүгүнкү окутуу жана тарбиялоо процессинде жарамдууларын ылгап алууга;

– этнопедагогикалык эмпирикалык билимдерди жана тарбиялоо багытындагы улуттук тажрыйбаларды азыркы мектепте колдонуу дараметине ээ болууга;

– элдик педагогикалык мурастардын баалуулугун түшүнүүгө жана аларды башкаларга түшүндүрө билүүгө;

– этнопедагогиканын ар кандай каражаттарынын, ыкмаларынын жа-

на жолдорунун таалим-тарбия берүүчү мүмкүнчүлүктөрүн аңдай жана аныктай алууга;

– өз жүрүш-турушун, ишмердүүлүгүн элдик тарбиялык салттардын элегине салып баалоого;

– этнопедагогиканын илим катары негизги түшүнүктөрүн ажырата алууга жана тармактын спецификасын так билүүгө жетишет ж.б.

Бул окуу-методикалык колдонмо Кыргыз Республикасынын тарбия берүү концепцияларына жана билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттарга ылайыкталуу менен азыркы педагог кадрларды этномаданий жактан даярдоо талаптарына багытталып түзүлдү.

Окуу-методикалык колдонмонун мазмунун аныктоодо бир кыйла деңгээлде адабияттаануу, тарых, этнография, этнопсихология, динтаануу, маданияттаануу илимдери менен интеграциялоого аракет жасадык жана өсүп келе жаткан жаш муундарды элдик маданияттын жана салттардын негизинде гумандуу жана толеранттуу багытта тарбиялоого орчундуу көңүл бурууга багыттадык.

Окуу-методикалык колдонмо эки чоң бөлүктөн турат:

1. Этнопедагогиканын теориялык жана тарыхый негиздери.
2. Кыргыз элинин таалим-тарбиясынын салттуу үлгүлөрү.

Колдонмодо теориялык, лекциялык окутуу менен бирге практикалык курстар, б.а. семинарлар, талаш-тартыштар, тегерек столдор, жолугушуулар, өз алдынча аткарылуучу иштер берилүү менен пайдаланылуучу адабияттар, көрмө жана укма материалдар, рефераттардын, курстук жана дипломдук иштердин тематикалары ж.б. булактар сунуш кылынды.

Билим берүү жана тарбиялоо ишмердүүлүгүндө этномаданияттык салттарды эсепке алуу менен келечектеги мугалимдерди даярдоо тажрыйбасынын анализинин жыйынтыгын чыгарып жатып, төмөндөгүдөй тыянактарды айтсак болот:

1. Бир топ жогорку окуу жайларынын педагогикалык коллективдеринде элдик педагогиканы колдонуу менен келечектеги мугалимдерди даярдоодо жакшы тажрыйбалар акырындык менен топтолууда.

Бирок, окумуштуу-этнопедагог А.Алимбеков белгилегендей: " …анын болуусу бүгүн да аз гана энтузиасттардын демилгесине байланыштуу. Бул ишке салыштырмалуу аз сандагы педагогикалык жогорку окуу жайлары тартылганына карабастан, ал дагы эле массалык жана системалуу боло алган жок".[2]

Мындай көрүнүштүн себеби, бул проблемага педагогдор тарабынан жетишерлик көңүл бурулбагандыгы менен түшүндүрлөт. Ошону менен катар жогоруда келтирилген материалдардын бирөөндө да топтолгон тажрыйбага илимий негизде аракет жасалган эмес, этнопедагогиканын

[2]Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 1995. – 13-б.

каражаттары менен баштагыч мектеп окуучуларын адепке тарбиялоого келечектеги башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоо системасы практикада иштелип чыккан эмес жана өткөрүлбөгөн.

2. Көпчүлүк педагогикалык жогорку окуу жайлардын кызматкерлери элдик педагогиканын каражаттары аркылуу тарбиялоо ишине студенттерди даярдоодо билимдерге жана жөндөмдөргө жетишерлик деңгээлде ээ эмес. Ошону менен бирге алар курстук жана дипломдук иштерди аткаруу элдик педагогикалык маданиятты алып жүрүүчүлөр менен тикеден-тике байланышты уюштуруу сыяктуу студенттердин этнопедагогикалык даярдыгын арттыруучу эффективдүү каражаттардын мүмкүнчүлүгүн көпчүлүк учурда баалай беришпейт.

3. ЖОЖдордо этнопедагогика боюнча атайын жана факультативдик курстарды киргизүүгө аракет жасалган. Бирок, алардын кесиптик-мазмундук тарабы келечектеги мугалимдерди окутуунун жана тарбиялоонун ыкмаларын жана мазмунун, түпкү максаттарын эсепке алуу менен олуттуу түрдө кайрадан иштеп чыгууга муктаж. Жогоруда көрсөтүлгөн фактыларды ачуу жана аларды илимий негизде иштеп чыгуу максатында Талас мамлекеттик жана И. Арабаев атындагы мамлекеттик университеттердин башталгыч класстарынын мугалимдери менен педагогикалык факультеттердин студенттеринин арасында текшерүү жүргүзүлдү.

Этноэтикетти билүү максатында биз гуманитардык факультеттердин студенттерине анкета жүргүздүк. Жоопторду анализдегенде биз мындай тыянакка келдик: көпчүлүк студенттердин (25%), этикет жана этноэтикет деген түшүнүктөрдү жакшы түшүнө беришпейт, бирок тыюу салуулар, жүрүм-турум эрежелеринин нормаларына мисалдарды келтиришти.

Алардын жыйынтыктары төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

**Таблица 1. – Мугалимдердин жана болочок мугалимдердин окуучуларды адепке тарбиялоодо этнопедагогикалык дөөлөттөрдү колдонуусу**

| Этноэтикетти пайдалануунун мүнөздөмөсү | Болочок мугалимдер (% менен) | | Мугалимдер (% менен) | |
|---|---|---|---|---|
| | студ. | пайызы | студ. | пайызы |
| Өз элинин жан дүйнө адебинин байлыгын билет, баалайт жана окуу тарбия процессинин мазмунуна активдүү киргизет | 30 | 14 % | 10 | 42 % |
| Этноэтикетти билет жана окуучуларга адептик тарбия берүүдө колдонот | 36 | 17 % | 13 | 61 % |
| Билет жана этикалык маданияттын элементтерин айтып бере алат, этноэтикетти кээ бир убакытта пайдаланат | 54 | 25 % | 16 | 67 % |
| Улуттук этикет боюнча түшүнүгү бар, бирок практикада колдонбойт | 47 | 22 % | 6 | 28 % |

Студенттерге адептик тарбия берүүдө улуттук этикетти пайдаланууда аз көңүл бурулуунун себеби жөнүндөгү суроолорго мындай жооп беришет:

– ушул көйгөй боюнча илимий-методикалык сунуштар жок;

– улуттук этикеттин салтында адепке тарбиялоо боюнча программалар иштетилген эмес;

– адепке тарбиялоодо этноэтикетти пайдалануу боюнча болочок мугалимдерди атайын даярдоо уюштурулган эмес.

Эксперименттин жүрүшүндө алардын элдик педагогика тармагындагы билимдери менен жөндөмдөрү, этнопедагогиканын каражаттары менен болочок башталгыч мектеп мугалимдерин адепке тарбиялоонун теориясы жана методикасы боюнча даярдыктарынын деңгээли ачылып көрсөтүлдү. Башталгыч мектеп окуучуларынын окуу-тарбия ишинде кыргыз этнопедагогикасынын каражаттарын колдонуу боюнча 213 болочок мугалимдердин даярдыгынын деңгээлине аныктоо жүргүзүлдү.

Биз 24 тажрыйбалуу мугалимдердин иштери менен тааныштык. Бул текшерүү бир кыйла даражада этнопедагогиканын каражаттары менен башталгыч класстардын мугалимдеринин даярдыгынын мурда аныкталган структуралык компоненттерин толуктоого жана тактоого шарт түздү.( 2-таблицаны караңыз).

Изилденип жаткан аспектиде мугалимдер менен студенттердин кесипттик ишмердүүлүгүндөгү даярдыгынын баштапкы деңгээлин текшерүү жана аныктоо иретинде изилдөөнүн методдорунун комплекси – анкета алуу, байкоо, рейтинг, аңгемелешүү, сабактарга анализ берүү, сабактан тышкаркы иш-чараларга, документтерге анализ жүргүзүү пайдаланылды.

Алынган маалыматтардын шексиздигин камсыздоо үчүн эксперттик баалоонун методу колдонулду. Буга башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы кафедрасынын тажрыйбалуу окутуучулары, башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоо менен жакшы тааныш окумуштуулар катышышты. Алар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинен Эсенгулова М.М., Кутанова Р.А., Турсунова Э.А., Койлубаева Н., Бектуров Т.М., Талас мамлекеттик университетинен: Ажигулова А., Кыдыралиев К.К., Рыскулова А., Абдиева Ж. ж.б.

**Таблица 2. – Мугалимдердин башталгыч класс окуучуларын адепке тарбиялоо боюнча этнопедагогикалык даярдыгы**

| № | Элдик педагогика аркылуу башталгыч мектеп окуучуларын адеп-ахлакка тарбиялоону ишке ашырууда мугалимдердин даярдыгынын көрсөткүчү | Эксперттердин баалоосу боюнча мугалимдердин кесиптик даярдыгынын деңгээли (% менен) Бардыгы – 24 окутуучу | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөнкү | | Орто | | Жогорку | |
| | | студ. | пайыз | студ. | пайыз | студ. | пайыз |
| 1. | Элдик педагогиканын ар кандай каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрү жана аларды башталгыч мектеп окуучуларынын адепке тарбиялоодогу тандоо жана кайра иштеп чыгуу принциптери боюнча билими | 8 | 33 % | 11 | 46 % | 5 | 21 % |

Уландысы

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2. | Балдарды адепке тарбиялоо менен аларды ишке ашырууда негизги этаптарын бөлүп көрсөтүү боюнча конкретүү маселелерди коюу жөндөмдүүлүгү | 15 | 62 % | 6 | 25 % | 3 | 13 % |
| 3. | Башка этностордун жана бир тууган элдердин этномаданияттык баалуулуктарын туура баалоого жардам берүүчү азыркы илимий методологияга ээ болуу | 15 | 62 % | 6 | 25 % | 3 | 13 % |
| 4. | Этнопедагогика илиминин терминдери, негизги түшүнүктөрү, методдору, эрежелери боюнча билими | 15 | 62 % | 7 | 29 % | 2 | 9% |
| 5. | Тарбиянын элдик тажрыйбасына сый мамиле. Өзүн улуттун бир бөлүгү катары түшүнүү сезими, улуттук маданиятты алып жүрүүчү жана чыгармачыл улантуучу катары этностун келечегине жоопкерчилигин түшүнүү сезими | 12 | 50 % | 7 | 29 % | 5 | 21 % |
| 6. | Этнопедагогиканын каражаттары менен окуучуларды адепке тарбиялоодо алдыңкы мугалимдердин жана мыкты мектептердин тажрыйбалары боюнча билими | 13 | 54 % | 6 | 25 % | 5 | 21 % |
| 7. | Үй-бүлөнүн жана мектептин шартында эмгекке тарбиялоо процессин этнопедагогикалаштыруу зарылдыгын түшүнүүсү. | 4 | 17 % | 12 – 51 % | | 8 – 32 % | |
| 8. | Адепке тарбиялоо максатында билим берүүнүн мазмунуна этномаданияттык компоненттерге (стандарт, окуу китептери, окуу куралдары) түзөтүү киргизүү жана максималдуу колдонуу жөндөмдүүлүгү | 15 | 63 % | 6 | 25 % | 3 – 12 % | |
| 9. | Элдик педагогиканын материалдарын колдонуу менен баштапгыч мектеп окуучуларын адепке тарбиялоодо конкреттүү иш-чараларды даярдоо жана өткөрүүнү пландоо жөндөмдүүлүгү | 15 | 61 % | 6 | 26 % | 3 | 13 % |
| 10. | Мектепте адепке тарбиялоо практикасын баланын алгачкы маданияттык чөйрөсү жана үй-бүлөсү менен байланышта камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү | 16 | 66 % | 6 | 24 % | 2 | 10 % |
| 11. | Элдик педагогиканын каражаттары менен баштапгыч мектеп окуучуларын адепке тарбиялоо боюнча өзүнүн ишмердүүлүгүн жыйынтыктарын диагноздоо жана прогноздоо жөндөмдүүлүгү | 14 | 59 % | 6 | 26 % | 4 | 15 % |

Алардын бир тобу жаңы технологиялык жетишкендиктердин шартында адептин салттуу түрлөрүнүн зарылдыгына, пайдалуулугуна күмөн санашат. Айрым бир мугалимдерге адеп-ахлакка тарбиялоого тартуу бир гана ата-эненин функциясы болуп эсептелет деген туура эмес түшүнүк бар. Буга байланыштуу алар мектептеги билим берүүнүн мазмунун жана мугалимдин ишмердүүлүгүн кошумча тапшырмалар менен кеңейтүүнүн жана татаалдаштыруунун кереги жок деп эсептешет. Социологиялык жана педагогика-

лык изилдөөлөр боюнча жана бир катар обьективдүү себептерден улам үй-бүлө бүгүнкү күндө өзүнүн салттуу фуңкциясын аткарууда олуттуу кыйынчылыктарды башынан кечирип жатат.

Эксперименттин материалдары мугалимдердин төрттөн бири, айрыкча башталгыч мектептин окуучулары менен иштешүүдө элдик тарбия берүүнүн элементтеринин зарылдыгын, маанилүү ролун түшүнүшөөрүн тастыктайт. Келечектеги мугалимдерди окуучуларды адептик этикага тарбиялоодогу даярдыгынын даражасын аныктоодогу бардык сандык көрсөткүчтөр өзүн-өзү баалоо орточо арифметикалык негизде берилди жана экспериментке тартылган бардык мугалимдердин жалпы санына өз ара пайыздык катышты билдирет.

**Таблица 3. – Башталгыч мектеп окуучуларын адепке даярдоодо болочок мугалимдердин өздөрүнүн даярдыгына берген баасынын жыйынтыктары**

| № | Болочок мугалимдердин даярдыгын мүнөздөгөн билимдердин жана жөндөмдөрдүн мазмуну | Өзүн-өзү баалоосу % менен Бардыгы – 213 | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөн-кү | | Ортоң-ку | | Жогор-ку | |
| | | студ. | пайызы | студ. | пайызы | студ. | пайызы |
| 1. | Тарбия берүүнүн элдик тажрыйбасына сый мамиле, өзүн улуттун бир бөлүгү катары түшүнүү сезими, улуттук маданиятты алып жүрүүчү жана чыгармачыл улантуучу катары этностун келечегине жоопкерчилигин түшүнүү сезими | 53 | 25% | 67 | 31% | 93 | 44% |
| 2. | Адепке тарбиялоо процессин этнопедагогикалаштыруунун зарылдыгын түшүнүү | 53 | 25% | 58 | 27% | 102 | 48% |
| 3. | Башка этностордун жана бир тууган элдердин этно-маданияттык баалуулуктарын туура баалоого жардам берүүчү азыркы илимий методологияга ээ болуу | 51 | 24% | 67 | 31% | 95 | 45% |
| 4. | Этнопедагогика илиминдеги терминдер, негизги түшүнүктөр, методдор, эрежелер боюнча терең билими | 57 | 27% | 75 | 35% | 81 | 38% |
| 5. | Элдик педагогиканын ар кандай каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрү жана аларды башталгыч мектеп окуучуларын адеп-ахлакка тарбиялоодогу тандоо жана кайра иштеп чыгуу принциптери боюнча билими | 63 | 30% | 73 | 35% | 74 | 35% |
| 6. | Этнопедагогиканын каражаттары менен окуучуларды адепке тарбиялоодо алдыңкы мугалимдер жана мыкты мектептердин тажрыйбалары боюнча билими | 68 | 32% | 60 | 28% | 85 | 40% |
| 7. | Балдарды адепке салттуу түрдө тартуу менен аларды ишке ашырууда негизги этаптарын бөлүп көрсөтүү боюнча конкреттүү маселелерди коюу жөндөмдүүлүгү | 63 | 30% | 73 | 34% | 77 | 36% |

Уландысы

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Адепке тарбиялоо максатында билим берүүнүн мазмунунда этномаданияттык компонеттерди (стандарт, окуу китептери, окуу куралдары, башталгыч класстардын окуу китептери) түзөтүү жана максималдуу колдонуу жөндөмдүүлүгү | 80 | 38% | 64 | 30% | 69 | 32% |
| 9. | Элдик педагогиканын материалдарын колдонуу менен башталгыч мектеп окуучуларын адепке тарбиялоодо конкреттүү иш-чараларды даярдоо жана өткөрүүнү пландоо | 40 | 19% | 66 | 31% | 107 | 50% |
| 10. | Адепке тарбиялоодо баланын үй-бүлөсү менен байланышта камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү | 42 | 20% | 48 | 23% | 121 | 57% |
| 11. | Адепке тарбиялоо боюнча өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын диагноздоо жана прогноздоо | 53 | 25% | 57– | 27% | 103 | 48% |

Болочок мугалимдердин өзүн-өзү баалоосу гуманитардык, ошондой эле педагогикалык, методикалык, атайын дисциплиналардын циклинин көлөмдүүлүгү кыргыз этнопедагогикасынын каражаттары аркылуу кесиптик даярдыгын тийиштүү өлчөмдө камсыз кыла тургандыгын көрсөттү. Бул жерде талапка ылайык методикалык иштелмелер менен рекомендациялардын пайдалуулугун, педагогикалык практикада жана окутуу процессинде студенттердин ишмердүүлүгүнүн, кесиптик баалуулук ориентациясынын жогорулагандыгын цифралар көрсөтүп турат.

**Таблица 4. – Эксперименталдык топтун калыптандыруучу этабынын натыйжалары**

| Деңгээлдер | Констатациялоочу эксперимент | | Калыптандыруучу эксперимент | |
|---|---|---|---|---|
| | **Студ. саны** | **% менен** | **Студ. саны** | **% менен** |
| Төмөнкү | 64 | 30 | 45 | 21 |
| Ортоңку | 72 | 36 | 66 | 31 |
| Жогорку | 77 | 34 | 102 | 48 |
| **Жалпы:** | **213** | **100** | **213** | **100** |

Студенттердин даярдык деңгээлинин өзгөрүүсүнө бөлүнүп көрсөтүлгөн критерийлер жана көрсөткүчтөрдүн негизинде этнопедагогиканын каражаттары аркылуу үч деңгээлде этаптар боюнча анализ жүргүзүлдү.

Жүргүзүлгөн эксперименттен алынган жыйынтыктар жогорудагы таблицада көрсөтүлдү. Изилдөөдө констатациялык эксперименттин жыйынтыктары жана эксперименталдык топтун көрсөткүчтөрү, башталгыч класстын окуучуларын адепке тарбиялоодо студенттерди этнопедагогиканын каражаттары аркылуу даярдоого тажрыйбалык-эксперименталдык иштин натыйжалуулугун көрсөттү.

Мында калыптандыруучу экспериментте төмөнкү деңгээлдеги студенттердин билимдери бир кыйла жакшырып, ал эми жогорку деңгээли 14 % көбөйдү.

Демек, эксперименттин жыйынтыктары бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларындагы окуу-тарбия процесси мектепте ишке ашырылуучу этномаданияттык билим берүү процессине алгылыктуу таасир берди, башталгыч мектеп окуучуларын адепке этнопедагогиканын каражаттары аркылуу тарбиялоонун жыйынтыгы болуп, келечектеги мугалимдин өз элинин этномаданияттык мурастарын үйрөнүүдөгү атуулдук милдеттерин туура түшүнүүсүндө турат жана компетенттүү пайдалануу үчүн аны ЖОЖдо ишмердүүлүктүн бул түрүнө максатуу даярдоо зарыл.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА КОРУТУНДУ

Элибиздин келечеги болгон жаш жеткинчектерди тарбиялоодо болочок мугалимдердин этнопедагогикалык компетенттүүгүн калыптандыруу бүгүнкү ааламдашуу доорундагы эң негизги маселелердин бири болуп эсептелет. Болочок мугалимдердин көңүл чордонунда, бүгүнкү шартта балдарды этнопегагогика аркылуу адеп-ахлакка тарбиялоонун проблемалары турат.

Бул проблемаларды чечүү, келечектеги адеп-ахлактуу жаш муунду тарбиялоо, улуттун уңгусун алардын аң-сезимине сиңирүү, улуттук салт-

санаа, каада-салттардагы, көркөм чыгармалардагы баалуу ойлорду кабыл алуу, алган билимдерин турмуштук практикада пайдаланууга жетишүүгө үйрөтүү негизги милдеттерден болуп саналат.

ЖОЖдо башталгыч класс мугалимдерин окуучуларга адептик тарбия берүүгө этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык негиздеринин жыйынтыктарын чыгарып, төмөндөгүдөй тыянакка келдик:

1. ЖОЖдо болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоонун иштелип чыккан мазмуну, структурасы жана критерийлери жогорку педагогикалык окуу жайлардын студенттерин башталгыч класс окуучуларын адепке тарбиялоодо педагогикалык жактан колдонсо болот.

2. ЖОЖдо болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо үчүн зарыл жана жетиштүү педагогикалык шарттардын тутуму, практикада сыноодон өткөрүлгөн корутундулар, кеңештер, нускамалар, түрдүү багыттагы педагогикалык кадрларды даярдоонун мазмунун, технологиясын этномаданий жактан өнүктүрүүгө салым кошот. Ошону менен бирдикте мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү институттарында этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмундук чектерин кеңейтүүгө да өбөлгө түзөт.

3. Болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча окуу-методикалык материалдардын, илимий-методикалык сунуштардын комплекси адепке тарбиялоодо зарыл педагогикалык билим берүүнүн мазмунун этномаданияттык жол менен келечектеги мугалимдердин теориялык жана практикалык билимдерге ээ болушу үчүн шарт түзөт, студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандырат жана башталгыч мектептин окуу-методикалык иштерин жакшыртуу менен келечектеги мугалимдерди ар кандай предметтерди окутуу процессинде жана башталгыч класстын балдары менен класстан тышкаркы иштерди уюштурууда элдик педагогиканын материалдарын рационалдуу пайдаланууга үйрөтөт.

4. Бул иш ийкемдүү багыт жана инсандын калыптанышындагы элдик педагогиканын чечүүчү ролу тууралуу студенттерди ишенимдүү тарбиялоо, келечектеги мугалимдин өз элине этномаданияттык мурастарын үйрөнүүдөгү атуулдук милдеттерин туура түшүнгөндө бул иш ишке ашат.

Жүргүзүлгөн иштин жетишкен натыйжаларына ылайык бизди кызыктырган проблеманын мындан аркы изилденүүчү аспекти катары болочок мугалимдерди айыл жеринин социалдык-педагогикалык мейкиндигинин адептик-руханий тарбия жаатындагы потенциалын пайдаланууга даярдоону караоого болот.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну, жоболору автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылды:**

1. Сулайманкулова, Ж.К. Этнопедагогическая подготовка будущего учителя в процессе изучения педагогических дисциплин [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова. // Известия вузов. – Бишкек, 2009. – С. 50-55.

2. Сулайманкулова, Ж.К. Об этнопедагогической подготовленнности будущего учителя к нравственнно этическому воспитанию младших школьников [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова. // Вестник КГПУ им. Абая. Серия: Начальная школа и физическая культура. – Казахстан, Алматы, 2009. – С.3-6.

3. Сулайманкулова, Ж.К. Болочок мугалимдерди адептик-этикалык жактан даярдоонун педагогикалык шарттары [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова. // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2009. – 93-96-бб.

4. Сулайманкулова, Ж.К. Болочок мугалимдерди окуучуларга тарбия берүүдө адистикке даярдоо компоненттери. [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова. // Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2009. – 142-145-бб. (А.Калдыбаева менен авторлош).

5. Сулайманкулова, Ж.К. Болочок мугалимдердин башталгыч класс окуучуларын адептик жактан тарбиялоо боюнча этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун технологиясы [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова. // Илимий- практикалык конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Бишкек, 2010. –310-313-бб.

6. Сулайманкулова, Ж.К. Болочок мугалимдердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда “Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы” курсунун ролу [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова. // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2010. –149-153-бб.

7. Сулайманкулова, Ж.К. Измение содержания образования на компетентностной основе – требование времени [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2010. – №3 (15). – С. 86-90. (М.Мурзаев менен авторлош).

8. Сулайманкулова, Ж.К. Учителя школы и компетентностный подход [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2011. – №1 (17). – С. 67-69.

9. Сулайманкулова, Ж.К. Болочок мугалимдердин адептик этикалык тарбиясын калыптандырууда “Манас” эпосунун тарбиялык мааниси. [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова. // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – Бишкек, 2011. – 411-413-бб.

10. Сулайманкулова, Ж.К. Мугалим Дүйшөндөй ак жүрөк болсо... [Текст] / Ж.К.Сулайманкулова // Кут билим. – Бишкек, 2008. – 13- декабрь. – 7- б.

**Сулайманкулова Жамийла Калыбаевнанын “ЖОЖдо башталгыч класс мугалимдерин окуучуларга адептик тарбия берүүгө этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

**РЕЗЮМЕ**

**Түйүндүү сөздөр:** этнопедагогика, тарбиялоо, даярдоо, тарбиялоонун теориясы жана методикасы, сапаттар, идеал, компетенттүүлүк, адептүүлүк, маданият, дөөлөт, осуят, биримдик.

**Изилдөөнүн обьектиси:** жогорку педагогикалык билим берүү системасында мугалимдерди кесипке этнопедагогикалык жактан даярдоо.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок башталгыч класс мугалимдерин башталгыч класс окуучуларын адептик маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык даярдоонун педагогикалык шарттарын теориялык жактан негиздөө жана аны практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн предмети:** болочок башталгыч класс мугалимдерин башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык даярдыгын камсыздоо.

**Изилдөө методдору:** теориялык талдоо жүргүзүү жана жалпылоо; мугалимдердин иш-тажрыйбаларын иликтөө жана жалпылоо; анкета жүргүзүү, тестирлөө, башталгыч мектеп окуучуларынын окуу жана таанып билүү ишмердүүлүгүн талдоо; педагогикалык эксперимент жүргүзүү; алынган жыйынтыктарды иштеп чыгуу үчүн математикалык методдорду колдонуу.

**Изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык мааниси:** кыргыз элинин адептик салттары азыркы таалим-тарбиянын идеялык-мазмундук параметрлерин байытуучу потенциалы айкындалды; болочок мугалимдердин башталгыч класс окутуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууда этнопедагогикалык жактан даярдоонун мазмуну, структурасы жана критерийлери аныкталды; болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын адеп маданиятын калыптандырууга этнопедагогикалык жактан даярдоонун педагогикалык шарттары айкындалды жана эксперимент жүзүндө текшерилди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Педагогикалык окуу жайлардын студенттерин башталгыч класс окуучуларын адептик жактан тарбиялоого этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты. Практикада сыноодон өткөрүлгөн корутундулар, кеңештер, нускамалар түрдүү багыттагы педагогикалык кадрларды даярдоонун мазмунун, технологиясын этномаданий жактан өнүктүрүүгө салым кошот. Ошону менен бирдикте мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү институттарында этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмундук чектерин кеңейтүүгө да өбөлгө түзөт.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертационного исследования Сулайманкуловой Жамили Калыбаевны на тему “Этнопедагогическая подготовка будущих учителей начальных классов к нравственному воспитанию учеников младших классов” на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** этнопедагогика, воспитание, подготовка, теория и методика, воспитания, качество, идеал, компетентность, нравственность, культура, завет, сплоченность.

**Цель исследования:** теоретическое обоснование этнопедагогической подготовки будущих учителей начальных классов к нравственному воспитанию учеников начального класса, разработка условий и путей использования их для практического применения.

**Обьект исследования:** этнопедагогическая подготовка будущих учителей в системе высшего профессионального образования .

**Предмет исследования:** этнопедагогическая подготовка будущих учителей начальных классов в формировании нравственного воспитания младших классов.

**Методы исследования:**

– теоретический анализ исследуемой проблемы и его обобщение;

– анализ и изучение практических методов учителей;

– анкетирование, тестирование, проведение педагогического эксперимента, математическая обработка данных.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования:**

– раскрыт научный потенциал параметров содержания современного воспитания и нравственных традиций кыргызского народа;

– научно-педагогически обоснована этнопедагогическая подготовка будущих учителей начальных классов;

– раскрыты содержание, структура и критерии этнопедагогической подготовки будущих учителей начальных классов в формировании нравственной культуры.

– разработаны педагогические условия и экспериментально проверены пути и способы использования этнопедагогической подготовки будущих учителей.

**Практическая значимость исследования** Итоги исследования могут быть использованы методистами, исследователями и студентами педагогических вузов по этнопедагогической подготовке будущих учителей начальных классов к нравственно-этическому воспитанию младших школьников, а также в дальнейшем изучении этой проблемы учителями школ в совершенствовании творческой способности студентами педагогических вузов при прохождении педагогической практики; в усилении профессионально-методической направленности подготовки преподавателей, в совершенствовании интеллектуального уровня и повышения квалификации.

## RESUME

**to the dissertation research of Sulaimankulova Jamila Kalibaevna on a theme: «Ethno pedagogical training the future primary education teachers moral development of the primary education pupils to be in system of the higher pedagogical education», to search scientific degree of candidate of Pedagogic sciences on specialization of 13.00.01 – general pedagogics, history of pedagogic and education**

**Keywords:** ethno pedagogic, ethno pedagogical education, ethnopedagogization of higher pedagogical education, ethno pedagogical competence of teacher development.

**Purpose of research:** ethno pedagogical training of primary school teachers to be and methodological foundations of its realization in educational process of higher pedagogical education.

**Object of research:** ethno pedagogical training of the future primary education teachers to be in system of the higher pedagogical education.

**Subject of research:** ethno pedagogical training the future primary education teachers in formation moral development of primary education pupils.

**Methods of research:**

– theoretical analysis of research and summarizing.

– analyze and study and generalization of best pedagogical practices

– modeling, experiment, observation, inquiry multiple comparison, scaling.

**Scientific novelty of research is that:** it is disclosed the meanings of terms; «morality», «moral education» on the scientific - pedagogical level in Kyrgyz and is determined its moral content and is given scientific Ethno pedagogical substantiation future teachers to form primary students moral culture; it is created the model of moral culture formation of primary class students and it is defined the level, degree and instructions.

**Practical meaningfulness of research:** the outcomes of research could be used in moral education of young children, also in investigating ethno pedagogic further along by the school teachers, teachers of high school institutions, in developing creative abilities of pedagogic institutions, students, in improving teacher trainers, professional direction, in developing self intellectual level and requalification of teachers and also be used by researchers and methodists.

Басууга 29.02.2012-ж. кол коюлду.
Форматы 60х84 1/16
Кјлјмі 1,5 б.т.
Офсеттик кагаз
Нускасы: 100

ЖИ «Сарыбаев Т.Т.» басмаканасы,
Бишкек шаары, Раззаков кјчјсі, 49
т. 62-67-76, e-mail: talant550@gmail.com